***КЫРГЫЗ ФИЛОЛОГИЯСЫ***
***КЫРГЫЗСКАЯ ФИЛОЛОГИЯ***
***KYRGYZ PHILOLOGY***

*Зулпуев А.М.*

# БАТКЕН МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ «ТАРЫХ ЖАНА МАДАНИЯТ ЖЫЛЫНДА» (2016-жыл)

*Зулпуев А.М.*

# БАТКЕНСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ В «ГОД ИСТОРИИ И КУЛЬТУРЫ» ( 2016 год)

*A.M. Zulpuev*

# BATKEN STATE UNIVERSITY IN THE «YEAR OF HISTORY AND CULTURE» ( 2016 year)

*УДК: 908.3/947*

*Макалада Баткен мамлекеттик университетинин 2016-жыл – «Тарых жана маданият жылындагы» илимий жаңылыктары жана Туяк ырчынын заманчыл акындардын гана эмес, Жеңижок, Токтогул, Барпы сындуу классик ырчылардын да катарын толуктары, алардын акыл-мурасы – бизге мурас, эртеңкилерге – бизден мурас болуп калышы, Туяктын ырларынын баалуулугу тууралуу кеп болот.*

***Негизги сөздөр:*** *университет, Саймалуу таш, акын, мурас, кыргыз жазуусу, маданият, коом, баба, келечек.*

*В статье рассмотрено творчество певца Туяка, как акына заманиста наряду с великими кыргызскими классиками Женижок, Токтогул, Барпы. Поэт Туяк посвятил свои строки родной земле, по его творчеству мы познаем талант, философию, эстетическое чутье и эпоху поэта.*

***Ключевые слова:*** *университет, Саймалуу таш, поэт, наследство, кыргызская письменность, культура, общество, предок, будущее.*

*The article describes the work of the singer Tuyak as bard shamanist along with the great classics of the kyrgyz Zhenizhok, Toktogul Barpy. The poet Tuyak dedicated their line my native land, to his work we know the talent, philosophy, aesthetic sense and the age of the poet.*

***Key words:*** *university, Saimaluu tash, the poet, the legacy, kyrgyz literature, culture, society, ancestors, the future.*

2016-жыл – Баткен мамлекеттик университетинин тарыхый барактарын толуктап калды десек жаңылышпайбыз. Анткени бул жылы БатМУнун алдындагы мурдагы өз алдынча юридикалык укук алып жүргөн Сүлүктү гуманитардык-экономикалык, Кызыл-Кыя гуманитардык-педагогикалык, Кызыл-Кыя технология, экономика жана укук институттары реорганизацияланып, БатМУ бирдиктүү юридикалык укукка ээ болуп, ЖОЖ катары өнүгүүнүн туура жолун тапты.

Университетибиздин миссиясы Баткен областынын интеллектуалдык потенциалын арттыруу жана өлкөдөгү адам ресурсун өнүктүрүүгө салым кошуу.

Илимий-изилдөө иштери – Кыргызстандын түштүк батыш регионунун тарыхый аймак таануучулук маселелерин, маданиятын, флорасын, фаунасын, экономикалык өнүгүү багытын иликтөө болуп саналат.

Баткен мамлекеттик университетинин 2016-жылдын биринчи жарымындагы илимий жаңылыктары, биринчиден, Баткен районунун аймагынан баалуу тарыхты баяндай алуучу саймалуу таштардын табылышы жана ал жерлерди корукка алуу Президентибиз Алмазбек Атамбаев тарабынан колдоого алынышы болсо, экинчиден, бүгүнкү күнгө чейин көпчүлүккө белгисиз болгон, азыркы Баткен областынын аймагында, XIX кылымдын экинчи жарымында жашап өткөн олуя, ойчул акын Туяк ырчынын 160 жылдыгына карата ***"Туяк ырчы жана кыргыз маданий булактары, алардын изилдениши жана окутулушу"*** аттуу республикалык илимий-практикалык конференциянын өткөрүлүшү деп билебиз.

Туяк акындын бизге жеткен адабий мурасы өтө деле көп эмес, жыйырмага чукул ыры гана эл оозунда айтылып, сакталып калыптыр. Мүмкүн, анын бизге белгисиз чыгармалары эл арасында жашап келер. Аларды топтоп, жарыкка алып чыгуу, элге жарыялоо, чындыгында, биздин – БатМУнун профессордук-окутуучулар жана студенттер жамаатынын милдети. Ошондуктан акындын ушул 160 жылдык маарекесинен кийин ага болгон кызыгуулар артып, анын чыгарма-

чылыгын иликтөө жанданат деген үмүттөбүз... Негизи, кеп чыгарманын санында деле эмес. «Кымбат сөз кыска айтылат» демекчи, Туяк ырчынын бизге жеткен ырларынан анын акындык даремети, көз карашы, эстетикалык туюму, философиясы айкын байкалып турат. Ырчынын «Акыр заман», «Не болосуң замана» сыяктуу ырлары аны Калыгул, Арстанбек, Молдо Кылыч сыяктуу заманчыл акындардын катарына кошсо, «Санаттар», «Бир Алла», «Дүнүйө» сымал чыгармалары менен элибиздин Жеңижок, Токтогул, Барпы сындуу классик ырчыларынын катарын толуктай алат. Өз доорунда ал Кыргызстандын түштүк батыш чөлкөмүнүн, анда жашаган ичкилик урууларынын гана ырчысы болсо, быйылкы 2016-жылы, «Тарых жана маданият жылынын» алкагында Өкмөттүн атайын токтому менен 160 жылдык маарекесинин өтүп жатышы Туяк ырчынын мүлдө кыргыз калкынын сыймыктуу акыны катары кабылданганын айгинелейт.

Ооба, бабаларыбыз тарыхый узак жашоосунун жана баскан жолунун белгиси, эстелиги катары артында бай маданий мурас калтырышкан. Бизге жеткен тарых да, маданият да, акылмандык да, каада-салт, мүнөз, тил да бабаларыбыздын тунук акылынан жаралган баалуулук. Алардын акыл-мурасы – бизге мурас, эртеңкилерге – бизден мурас болуп кала бермекчи. Жаратылган маданиятты асырап алуу жана келечегине кам көрүү биздин ыйык парзыбыз экендигин унутпасак.

Калыптанып калган ар бир элдин арасында илгертен бери эле дүйнөнүн, коомдук турмуштун түйүндүү маселелерине карата ой жүгүртүп, жалпы жобо же эреже катарындагы керемет ойлорду кара сөз же ыр түрүндө жаратуу тажрыйбасы орун алып келген. Мындай тажрыйбадан кыргыз эли да четте калган эмес. Тарыхтын тайгак жолуна туш келген байыркы кыргыз жазуусу жоголгону менен, бабалар мурасы ооздон оозго, атадан балага айтылып, ак кагаздын бетинен орун албай келди.

Дал ошондой тагдырга ээ болгон акындардын катарына чыгармачылыгы XIX кылымдын экинчи жарымына туура келген Туяк ырчыны да кошууга болот. Тилекке каршы, бүгүн 160 жылдык маарекеси жалпы мамлекеттик деңгээлде белгиленип жаткан инсан тууралуу көпчүлүк элдин маалыматы чектелүү гана. Албетте, анын өзүнүн себептери бар. Орустун улуу сынчысы В.Г. Белинский “...поэзиянын, акындык талanttын эмне экенин билбей туруп ыр кураштырган акындардын ысымдары Осиан, Гомер сыяктуу мифтик образ катары жашап каларын” белгилеген. Сандаган таланттар дал ошондой тагдырга туш болуп, ысымдары жомокко айланып, ал түгүл унутулуп да кетишкен. Акындын мурасын эл оозунан күкүмдөй жыйнап, жарыкка чыгышына себепкер болгон Кыргыз эл акыны Э.Эрматов көрсөткөндөй, Туяк ырчынын өмүрү, чыгармачылык жолу тууралуу мурда адабий изилдөөлөрдүн болбогондугу, ичкилик кыргыздарынын маданий, адабий мурастарына кызыгуу ар кандай себептер менен солгун жүргөндүгү, эң негизгиси ушул чөлкөмдөн ал үчүн жан күйгүзгөн атуулдардын мурда чыкпагандыгы анын чыгармаларынын жарык көрүшүн ушул күнгө чейин кечеңдетип келди. Бактыга жараша, бардан жок болбогондой, жерди жарып чыккан булакты көмүп салууга мүмкүн болбогондой эле, эл ичиндеги сөзгө маани берген куйма кулак, көкүрөгү тунук адамдардын шарапаты менен Туяк ырчы кылымдардын түпкүрүнөн сызылып агып чыгып келди. Мындай чыгармачыл жашоосунун уланарын Туяк ырчы өз ырында “...Жакшы адамга жолуксаң, Жарыгы тиет жаныңа, Кемтигиңди толтурат, Кадырыңды зор кылат” деп, көрөгөчтүк кылган өңдөнөт.

Акындын чыгармалары эмнеси менен баалуу? Баарыдан мурда жакшылык, адалдык, чындык, намыс, адилеттүүлүк, эмгекчилдик, тазалык, адамгерчилик сыяктуу жалпы адамзаттык баалуулуктарды даңазалагандыгы менен баалуу десек болот. Туяктын ырларында кыргыздардын үй-бүлөлүк мамилелеринде жана күнүмдүк турмуш-тиричилигинде колдонулган салттык жүрүм-турум маданияты тууралуу сөз болуп, алар жубайлардын, ата-эне менен балдардын, бир туугандардын жана келин менен кайын журтунун ортосундагы ич ара мамилелердин, ошондой эле күндөлүк турмуштагы байланыштардын мисалында берилген. Булардын баарын жалпылап кыргыз элинин этноэтикети деп айтууга болот. Жогоруда сөз болгон маселенин бүгүнкү күндө чоң тарбиялык, адеп-ахлактык мааниси бардыгын да өзгөчө белгилей кетүү керек. Кыргыз маданиятынын илимий, коомдук, практикалык мааниси чоң, жаштарга руханий тарбия берүүдө таасирдүү каражат катары колдонулуп келе жаткан тарыхы терең, мазмуну бай, мүмкүнчүлүгү кенен, тажрыйбасы ар тараптуу иликтөөгө алынбай келе жатканы анык. Жалпы коомубуздун милдети болуп аны сактап калуу гана эмес, замандын талабына жараша жаңы нук, багыт берип өнүктүрүү, жалгоо, улантуу. Мына ошондо гана илимибиз практикалык мүнөзгө ээ болот, анын аткаруучу функциялары өнүгүп өсөт. Ырчынын 160 жылдык маарекесине байланышкан иш-чараларды өткөрүүнүн зарылдыгы ушунда жатат.

Кадим замандардан бери муундан-муунга мурас болуп келаткан улуттук каада-салт, үрп-адат, адеп-ахлак жаатындагы дөөлөттөр акырындык менен унутулуп баратканы орду толбос жоготууга, баа жеткис байлыктан ажырап калууга кириптер кылары анык. Ошондуктан баба мурастарыбызды терең изилдөөгө жана үйрөнүүгө тийишпиз. Анткени ал мурастардын маңызында бүгүнкү кыргыз атуулдарынын атуулдук парыздарынын, кыргыз маданиятынын, адабиятынын зор үлгүлөрү сакталып, келечек муундарына берилүүчү даңазалуу жолдун ачкычы турары чындык. Бекеринен элибизде “Баба өмүрүн билген, караңгыда шам чырактуу” деп айтылбайт.

**Адабияттар:**

1. Туяк ырчы. / Түзгөн Э. Эрматов. - Б., 2016.
2. Оморов А. Баба салты, тарых изи жана жөрөлгө. - Б., 2013.
3. Абрамзон С.М. Кыргыз жана Кыргызстан тарыхы боюнча тандалма эмгектер. - Б.: Кыргызстан, 1999.
4. Белинский В.Г. Взгляд на русскую литературу. - М., Современник, 1988. / http://az.lib.ru/b/belinskij_w_g/text_0330.shtml.
5. Кебекова Б. Кыргыз эл ырчыларынын тарыхынын очерктери. - Б., 2009.

**Рецензент: д.филол.н., профессор Зулпукаров З.К.**